**2021-2022-окуу жылындагы Свердлов районундагы №35 жалпы орто билим берүү мектебинин Гуманитардык усулдук бирикмесинин 21-февралдан 1-мартка чейин өтүлгөн жумалыктын отчеты**

21-февральдан 1-мартка чейин гуманитардык илимдердин предметтик декадасы болуп өттү. Иш –чараларды жана чыгармачыл тапшырмаларды даярдоодо балдардын жаш өзгөчөлүктөрү эске алынган . Ар бир иш-чара берилген тапшырмаларды аткарууга багытталды .

- Предметтик жумалыктын иш –чаралардын даярдоого жана өткөрүүгө катышуу аркылуу окуучулардын таанып билүү активдүүлүккө, жоопкерчиликке жана өз алдынчалуулукка тарбиялоо.
- Долборлорду ,чыгармачыл иштерди түзүүгө ,конкурстарга, викториналарга, презентацияларга катышуу аркылуу окуучулардын чыгармачылык активдүүлүккө, жоопкерчиликке жана өз алдынчалуулукка тарбиялоо

Ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иш-чараларды даярдоо,уюштуруу жана бекитилген иш-чаралар планына ылайык, , орус тили жана адабияты, тарых жана коом таануу сабактары, конкурстар жана сынактар өткөрүлдү. Окуучулар тексттик материалды билүү менен гана чектелбестен, чыгармачылык жигердүүлүктү жана тапкычтыкты көрсөтүшүп, конкурстук тапшырмаларды аткарышты.

Бардык иш-чаралардын максаттары төмөнкүлөр:

- Окуучулардын окулган сабактарга болгон кызыгуусун өркүндөтүү;
- Билим деңгээлин көтөрүүгө салым кошуу;
- Окуучулардын өз алдынчалуулукка жана чыгармачылыкка үйрөтүү;

Окуучулардын сапаттуу билим алышы үчүн оптималдуу шарттарды түзүү;
Мугалимдердин алдыңкы тажрыйбаларын жайылтуу, методикалык иштеп чыгуулар банкын түзүү;

22-февралда « Орус тил,адабият жана Тарых » бурчу уюштурулуп, анда мугалимде тарабынан коюлган көрсөтмө куралдар жөнүндө кененирээк маалымат берилди.





24-февралда Тарых мугалими Абитова Малика 5-а класска II смендин 2-сабагы “Древний цивилизации Греции ” деген темада ачык сабак өттү.






Сабагынын темасы «Древний цивилизации Греции» календардык план менен дал келет . Ачык сабакты 1-сменде саат 08:50 до 5-а класстын окуучулары менен өттү. Класста жалпысынан 32 окуучу окуушат. Сабактын материалы өтүлгөн темага негизделген. Сабактын журушундо заманбап билим беруу технологияларын колдонду Проектор, Ноутбук жаны теманы тушундуруу максатында, ал эми башка материалдары сабакты бышыктоо максатында колдонду. Колдонулган материалдар окуучуларга женил жана кызыктуу болду. Сабактын этаптарына болунгон убакыт натыйжалуу болду. Көрсөтмө куралдар сабактын натыжалуулугуна чон жардам берди. Сабактын баардык мезгилинде окуучулардын ишмердуулугунө көзөмөл жүргүзүлүп турду. Балдардын аткарган иштери жана сабакка активдуу катышканына карап бааланып, жакшы баалар берилди Алдына койгон максатка жетүү жана сабактын темасын ачып беруу максатында окуучуларды окуу процессиде активдуу катышуучулары болгондой кылып сабак өтүүгө аракет кылды. Сабактын жыйынтыгы сабактын максатына туура келет

**Мугалимдер тарабынан төмөндөгүдөй сунуш берилди:окуучуларды көбүрөөк иштетүү керек.**

25-февралда Орус тил жана адабият мугалими Жумалиева Жаңыл Төлөмүшовна “ Как мы учимся .Не с прилагательными ” деген темада ачык сабак өттү. Календардык план менен дал келет. Ачык сабакты 2-сменде саат 13:30да 5-б класстын окуучулары менен өттү. Класста жалпысынан 30 окуучу окушат. Окуучулар орус тил сабагына кызыгышат. Сабактын материалы окуучулардын мурунку сабактан алган билимдерине жана өтүлгөн жаңы темага негизделген. Сабактын материалдары окуучулар үчүн кызыктуу, жеңил болду . Сабакта окуучуларды топко бөлүп иштетти. Сабактын бардык мезгилинде окуучулардын ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүлүп турду. Сабак максатына жетти.

**Мугалимдер тарабынан мындай сунуш айтылды: окуучулардын ысымын айтып баалоо.**





**Мугалимдер тарабынан мындай сунуш айтылды:окуучулардын ысымын айтып баалоо.**

1-мартта Тарых сабагынын мугалими Кулкобонова Каныкей Бердибековна "Байыркы дүйнодогү Олимпиадалык оюндар"деген темада ачык сабак отту. Өтүлгөн тема календардык план менен дал келет. Ачык сабакты 1-сменде саат 09:20до 5-б класстын окуучулары менен отту. Класста жалпысынан 30 окуучу окушат. Окуучулар тарых сабагына кызыгышат. Сабактын материалы окуучулардын мурунку сабактан алган билимдерине жана өтүлгөн жаңы темага негизделген. Сабактын жүрүшүндо заманбап билим берүү технологияларын колдондуп Проектор, Ноутбук жана батмандар, маркерлер, сабакты бышыктоодо максатында Кахут тиркемеси өзгөчө окуучуларга жакты.Сабактын материалы окуучулар үчүн кызыктуу, жеңил болду деп ойлойт. Сабакта окуучуларга жупта жана топто иштетти. Сабактын этаптарына бөлүнгөн убакыт натыйжалуу болду. Көрсөтмө куралдар сабактын натыйжалуулугуна чоң көмөк көрсөттү. Сабактын бардык мезгилинде окуучулардын ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүлүп турду. Окуучулардын аткарган иштери бааланып, оң баалар берилди. Алдыга койгон максаттарга жетүү жана сабактын темасын ачып берүү максатында окуучуларды окуу процессинде активдүү катышуучулары болгондой кылып сабак өтүүгө аракет жасады. Сабактын жыйынтыгы сабактын максатына туура келет.



1-мартта Декаданын жабылышы болуп өткөрүлгөн иш чаралар Гуманитардык усулдук бирикмеде талкуланды . Декада учурунда активдүү катышкан окуучул громата ,дипломдор менен сыйланышты.Декада коюлган план аткарылып максаттар жетти.